# 2022 – 2026 – ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫ




# СТРАТЕГИЧЕСКИЙ ПЛАН РАЗВИТИЯ СЧЕТНОЙ ПАЛАТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ на 2022 – 2026 годы

Бишкек 2022

# 2022 – 2026 – ЖЫЛДАРГА
# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫН
# ӨНҮКТҮРҮҮНҮН
# СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫ

## СТРАТЕГИЯГА СЕРЕП САЛУУ

**Эсептөө палатасынын миссиясы**

Экономикасы динамикалуу өнүгүп жаткан жана калктын кирешелери стабилдүү өсүп жаткан күчтүү жана көз карандысыз мамлекетти түзүү максатында, мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу башкарууга көмөктөшүү, мамлекеттик финансыны пайдаланууда мыйзамдуулуктун сакталышын камсыз кылуу.

**Эсептөө палатасынын өнүгүүгө көз карашы**

- ► Көз карандысыздык, жоопкерчилик, ачык-айкындуулук, ак ниеттүүлүк жана калыстык принциптеринде өз ишин жүргүзүүчү аудиттин жогорку органы болуу.
- ► Өз ишинин кесипкөйлүгү, сапаты жана натыйжалуулугу үчүн жогору бааланат, мамлекеттик ресурстарды башкарууну жакшыртуу жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн олуттуу колдоо көрсөтө алган мекеме катары калыптануу.
- ► Мамлекеттик материалдык жана материалдык эмес байлыктарды пайдаланууда кыянаттык менен пайдалануу, мамлекеттик финансыны натыйжасыз башкаруу мүмкүнчүлүгүн жок кылуучу аудиттин жогорку органы болуу.
- ► Аудит чөйрөсүндө толук кандуу кесиптик өсүү үчүн шарттарды түзгөн, жогорку кесиптик штаттары менен мамлекеттик аудит органы болуу.

**Эсептөө палатасынын баалуулуктары:**

Отчеттуулук
Компетенттүүлүк
Ачык-айкындуулук
Объективдүүлүк
Бүтүндүк
Сапат
Көз карандысыздык

## 2022-2026-ЖЫЛДАРГА ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫНЫН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА МАКСАТТАРЫ

| МИЛДЕТТЕРИ | МАКСАТТАРЫ |
| --- | --- |
| • Натыйжалуулук аудитти,<br>• Шайкештик аудитти,<br>• Финансылык аудитти<br>киргизүү жана жүргүзүү | Мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу, ачык – айкын жана отчеттуу башкаруу |
| • Аудиттик, АЖО НБТ жана этиканы баалоонун отчетторун жарыялоо<br>• ЖК, ПА, МК, ММК жана коомчулук менен өз ара аракеттенишүү | Кызыкдар тараптар КРЭПти ачык-айкын, отчет берүүчү жана кесипкөй уюм катары кабыл алышат |

# МАЗМУНУ


**СТРАТЕГИЯГА СЕРЕП САЛУУ ........ 2**

**ТӨРАГАНЫН КАЙРЫЛУУСУ ........ 5**

**ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ ЖӨНҮНДӨ ........ 6**

**МАМЛЕКЕТТИК ФИНАНСЫНЫ БАШКАРУУ ТУТУМУ ........ 10**

**СТРАТЕГИЯНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ ........ 11**

**1-МАКСАТ: МАМЛЕКЕТТИК РЕСУРСТАРДЫ НАТЫЙЖАЛУУ, АЧЫК – АЙКЫН ЖАНА ОТЧЕТТУУ БАШКАРУУ ........ 11**

1.1 МИЛДЕТ (НАТЫЙЖА): НАТЫЙЖАЛУУЛУК АУДИТИНИН САНЫН КӨБӨЙТҮҮ ЖАНА АЛАР БОЮНЧА САПАТТУУ ОТЧЕТТОРДУ ТҮЗҮҮ ........ **12**

1.2 МИЛДЕТ (НАТЫЙЖА): ШАЙКЕШТИК АУДИТТЕ ТОБОКЕЛДИККЕ НЕГИЗДЕЛГЕН ЫКМАНЫ КОЛДОНУУ МЕНЕН САПАТТУУ ОТЧЕТТОРДУ ТҮЗҮҮ ........ **13**

1.3. МИЛДЕТ (НАТЫЙЖА): ФИНАНСЫЛЫК АУДИТТИ УЛАНТУУ ЖАНА САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУ ........ **15**

**2-МАКСАТ: КЫЗЫКДАР ТАРАПТАР ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫН АЧЫК-АЙКЫН, ОТЧЕТТУУ ЖАНА КЕСИПКӨЙ УЮМ КАТАРЫ КАБЫЛ АЛЫШАТ ........ 15**

2.1 МИЛДЕТ (НАТЫЙЖА): ЭТИКАНЫ БААЛООНУ, КРЭПТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖЫЛДЫК ОТЧЕТТОРДУ, АУДИТТИК ОТЧЕТТОРДУ, АЖО НБТ БААЛООЛОРУН ЖАРЫЯЛОО ........ **16**

2.2 МИЛДЕТ (НАТЫЙЖА): ЖОГОРКУ КЕҢЕШ, ПРЕЗИДЕНТТИН АДМИНИСТРАЦИЯСЫ, МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ, ММК ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН ЖОГОРУЛАТЫЛГАН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕШҮҮ ........ **17**

**ТОБОКЕЛДИКТЕР ........ 18**

**МОНИТОРИНГ ЖАНА ОТЧЕТТУУЛУК ........ 20**

**КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ ........ 23**

***Урматтуу окурмандар!***



*Сиздердин назарыңыздарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын 2022-2026-жылдарга өнүктүрүүнүн стратегиялык планын (мындан ары – Стратегия) сунуштоого кубанычтамын. Эсептөө палатасын өнүктүрүү стратегиясы "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын натыйжалуулугуна баа берүү тутумун" баалоонун жыйынтыктарын гана эмес, ошондой эле жаңы тобокелдиктерди жана чакырыктарды, 2030-жылга чейин Туруктуу өнүктүрүү максаттарын жана 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын эске алуу менен иштелип чыккан.*

*Белгилей кетсек, бул Стратегия, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы ПЖ № 435 Жарлыгы менен бекитилген, 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасында көрсөтүлгөн айрым иш-чараларды ишке ашырууну өзүнө камтыйт, атап айтканда, мамлекеттик аудит тутумунда уюштуруучулук жана институционалдык кайра өзгөртүүлөрдү жайылтуу, аткаруу бийлик органдарында жана алардын карамагындагы уюмдарда экономикалык коопсуздукта тобокелдикке жана коркунучтарга каршы аракеттенүүгө багытталган стратегиялык аудитти жүргүзүүгө өтүү.*

*Эсептөө палатасынын түпкү максаты - мамлекеттик ресурстарды башкарууда сапаттуу аудит жүргүзүү аркылуу жарандардын жашоосун жакшыртуу (INTOSAI-P 12 АЖО баалуулуктары жана артыкчылыктары) болуп эсептелет.*

*Бул Стратегияда Эсептөө палатасы төмөнкү артыкчылыктуу максаттарды жана милдеттерди аныктады: ISSAIга ылайык аудит аркылуу мамлекеттик финансыны башкаруу тутумунун натыйжалуу, ачык-айкын жана отчеттуу болуусуна көмөк көрсөтүү, ошондой эле кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүүнү бекемдөө.*

*Коюлган максаттарга жетүү үчүн Эсептөө палатасы өз кызматкерлеринин кесипкөйлүгүн жогорулатат, коюлган милдеттерди сапаттуу аткаруунун үстүндө иш алып барат, анын ичинде аудиттин жаңы ыкмаларын жайылтат.*

*Ошондой эле, Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун өнүктүрүү демилгесинин (IDI INTOSAI) жетекчилигине жана эксперттерине, анын ичинде, IDI менеджери Нильс Весген мырзага, 2022-2026-жылдардагы мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын стратегиялык өнүктүрүү планын иштеп чыгууда консультациялык колдоо көрсөткөндүгү үчүн, терең ыраазычылык билдирем.*

**Төрага** **А.Ш. Акматов**

# ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ ЖӨНҮНДӨ

**Эсептөө палатасынын статусу жана мандаты**

Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин көз карандысыз жогорку органы болуп саналат.

Эсептөө палатасы республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин, бюджеттен тышкаркы каражаттардын аткарылышына, мамлекеттик жана муниципалдык менчиктин пайдаланылышына аудит жүргүзөт. Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын бардык мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларынын, уюмдарынын жана мекемелеринин мамлекеттик аудитору болуп эсептелет.

Өзүнүн ишинде Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине отчет берет.

**КРЭПтин натыйжалуулугун баалоо отчету тууралуу (АЖО НБТ)**

2019-2020-жылдары ISSAIге ылайык өз мандатын аткаруу боюнча учурдагы мүмкүнчүлүктөрүнө анык жана объективдүү баалоо үчүн, "Аудиттин жогорку органдарынын натыйжалуулугун баалоо тутумун" колдонуу менен, АЖО натыйжалуулугун баалоо боюнча INTOSAI өнүктүрүү демилгесинин программасынын алкагында, Эсептөө палатасынын ишинин натыйжалуулугуна баа берүү жүргүзүлгөн.

Бул баа берүүгө ылайык, КРЭПтин көз карандысыздыгы жетишээрлик жогорку деңгээлде кепилденген. КРЭП бардык мамлекеттик финансылык операцияларга жана аларга байланыштуу аракеттерге аудит жүргүзүү үчүн жетиштүү кеңири мандаты бар.

КРЭП министрликтерге жана ведомстволорго гана эмес, мамлекеттик үлүшү бар акционердик коомдорго жана компанияларга, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына аудит жүргүзүү укугуна карата кеңири ыйгарым укуктарга ээ.

Бул кеңири мандат сөзсүз түрдө ресурстарга басым жасайт жана КРЭП өз ресурстарын эң натыйжалуу жана таасирдүү жол менен пайдаланууну талап кылат.

КРЭП, бүгүнкү күндө, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтуу боюнча иш жүргүзүүдө, алар боюнча колдонмолор иштелип чыккан. Бирок, практикада аларды ишке ашыруу, баштапкы баскычта турат. Ушуга байланыштуу, 2021-жылга чейин финансылык аудит, шайкештик жана натыйжалуулук аудиттерин көлөмү 5 пайыздан аз болгон. Баалоо көрсөткөндөй, бул багыттар боюнча кызматкерлерди үзгүлтүксүз окутуу жана алар боюнча аудиттердин санын көбөйтүү зарыл болгон. Ал эми 2021-жылы алардын көлөмү 70 пайыздан жогору болсо, 2022-жылга аудиттер толугу менен эл аралык стандартта жүргүзүлүшү пландаштырылган.

КРЭП мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлик органдары менен жана башка кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттешүү боюнча ишин күчөтүү керек.

КРЭП үчүн бул баа берүүнүн негизги максаты өзүнүн ишинде жетишпестиктерин жана артыкчылыктарын, ошондой эле потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдү жана коркунучтарды аныктоо болгон.

Ушуну эске алуу менен, КРЭПтин ишиндеги негизги багыттарды жана артыкчылыктарды аныктоо максатында өнүгүүнүн стратегиялык планы иштелип чыккан.

**SWOT талдоо**

### АРТЫКЧЫЛЫКТАР

- Көз карандысыздык жана мандат
- Натыйжалуулук аудити, шайкештик аудити жана финансылык аудити боюнча методологиянын иштелип чыккандыгы

### ЖЕТИШПЕСТИКТЕР

- ISSAI боюнча аудиттердин санынын аздыгы. ISSAI боюнча персоналдардын билими жана тажрыйбасы баштапкы деңгээлде болгондугу (натыйжалуулук, финансылык жана шайкештик аудиттерин жүргүзүү боюнча)
- Натыйжалуулук аудити, шайкештик аудити жана финансылык аудити боюнча сапатты контролдоо тутумунун жаңыдан түзүлүүсү
- Кызыкдар тараптар менен байланыштын деңгээли


### МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

- Мамлекеттик аудит тутумунда уюштуруучулук жана институционалдык кайра өзгөрүүлөрдү жайылтуу (2026-жылга чейин КР Өнүктүрүүнүн улуттук программасы)
- Аудит процесстерин автоматташтыруу
- INTOSAI, ASOSAI уюштурган программаларга катышуу мүмкүнчүлүгү жана IDIдын колдоосу

### ТОБОКЕЛДИКТЕР

- Аудит объекттери ишин Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарынын негизинде жүргүзбөгөндүгүнө байланыштуу финансылык аудитти жайылтуудагы көйгөйлөр
- ISSAI боюнча кызматкерлердин жетишсиз кесиптик квалификациясы
- COVID-19га байланыштуу өзгөчө кырдаалдар; кызматкерлердин аралыктан иштөөсү, аудит пландарынын аткарылбай калышы.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН ТҮЗҮМҮ




*Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жаңы түзүмү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы комитетинин 2021-жылдын 13-декабрындагы №6-17121/21 чечими менен макулдашылган жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 2021-жылдын 27-декабрындагы № 10-6/147 буйругу менен бекитилген.*

**Кызыкдар тараптардын КРЭПтен күтүүлөрү**

**Парламент** бюджеттик тутумдун бюджетин аткаруудагы каржы бузууларды эскертүүнү жана аныктоону, финансы чөйрөсүндөгү мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүнү, курулуштагы капиталдык салымдардын аудитин, аналитикалык ишти жакшыртуу жана мамлекеттик финансыны башкаруу чөйрөсүндөгү глобалдык көйгөйлөрдү көрсөтүүнү КРЭПтен күтөт.

**Президент** натыйжалуу мамлекеттик финансыны башкарууга жардам берүүнү, чыгымдардын жана мамлекеттик каражаттардын натыйжалуу аудитин, мамлекеттик аудит тутумундагы коррупциялык тобокелдиктерди жоюу боюнча иштерди күчөтүүнү КРЭПтен күтөт. Ачык-айкындуулук жана коррупцияга каршы аракеттенүү КРЭПтин ишинин артыкчылыктуу багыттары болууга тийиш. КРЭП тарабынан тематикалык аудиттердин жүргүзүлүшү, социалдык чөйрөдөгү жана саламаттыкты сактоодогу чыгымдарга көзөмөлдү күчөтөт жана ISSAI колдонуу боюнча иштерди улантат. Президент КРЭП тарабынан жүргүзүлгөн аудитордук иштердин жыйынтыгы боюнча контролду жана мониторингди күчөтүүнү күтөт, анткени текшерүү жүргүзүүдө ири суммадагы бузуулар жана резервдер аныкталат, бирок анын аз бөлүгү гана бюджетке түшөт.

**Министрлер Кабинети** мамлекеттик финансыны башкаруунун жетишпестиктерин көрсөтүүнү, финансылык бузуулардын келип чыгуу себептерин талдоону КРЭПтен күтөт. Министрлер Кабинети донорлор тарабынан каржыланган долбоорлорго аудит жүргүзүлүүсүнө, капиталдык салымдардын аудитине, инвестициялык долбоорлор боюнча корутундуларды даярдалуусуна кызыкдар.

**Аудит объектилери** коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштырууга, аудиттин ачык-айкындыгына, жеткиликтүүлүгүнө жана консультациялык жардам көрсөтүүгө салым кошууну КРЭПтен күтөт.

**Жарандар** мамлекеттик каражаттар канчалык натыйжалуу башкарылып жатат жана Министрлер Кабинети өз ишин канчалык жемиштүү аткарып жаткандыгы тууралуу ишенимдүү маалыматты КРЭПтен күтүшөт.

**Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр** КРЭПтин потенциалын бекемдөө үчүн финансылык жана техникалык жардам көрсөтүүсү күтүлүүдө. Алар менен өз ара аракеттешүү КРЭПтин иши жөнүндө маалымат берүүгө, финансылык эсепке алуунун жана мамлекеттик аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтууда колдоо алууга багытталат.

## МАМЛЕКЕТТИК ФИНАНСЫНЫ БАШКАРУУ ТУТУМУ

Мамлекеттик финансыны башкаруу (мындан ары-МФБ) реформасы 2009-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ишке ашырылып келет. Реформаны ишке ашырууда техникалык жардамды донордук коомчулук көрсөтөт. 2011-2015-жылдар аралыгында Ар тараптуу донордук тресттик фонддун (АДТФ) жардамы менен, Финансы министрлиги жана башка МФБ институттары тарабынан төмөнкү багыттар боюнча кадам жасалган: программалык негизде бюджеттөө, бюджеттик ачык-айкындуулук, фискалдык саясат, мамлекеттик инвестицияларды башкаруу, мамлекеттик сатып алуулар, ички аудит, бюджеттер аралык мамилелер, мамлекеттик сектордогу бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулук.

2016-жылы Кыргыз Республикасында 2017-2025-жылдарга карата МФБ өнүктүрүү стратегиясы кабыл алынган. Бул Стратегиянын максаты корутундуулук жана натыйжалуулук талаптарына жооп берген, мамлекеттик финансыны башкаруунун натыйжалуу тутумун түзүү болуп эсептелет.

Максаттарга жетүү үчүн стратегиялык милдеттер болуп төмөнкүлөр саналат:

**1)** мамлекеттик бюджетти пландаштырууну жана аткарууну жакшыртуу, анын ичинде бюджеттин ачык-айкындуулугун, толуктугун жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу, ошондой эле бюджеттин кирешелерин жана чыгымдарын көзөмөлдөөнү жакшыртуу;

**2)** эсепке алуунун өз убагында жүргүзүлүшү жана финансылык отчеттуулуктун түзүлүшү;

**3)** ички жана тышкы аудиттин жол-жоболорун өркүндөтүү.

# СТРАТЕГИЯНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

## 1-МАКСАТ МАМЛЕКЕТТИК РЕСУРСТАРДЫ НАТЫЙЖАЛУУ, АЧЫК – АЙКЫН ЖАНА ОТЧЕТТУУ БАШКАРУУ

Кыргыз Республикасынын Президенти 2021-жылдын 2-декабрындагы №541 “Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” өзүнүн Жарлыгында КРЭП тарабынан төмөнкү чараларды көрүүнүн зарылдыгын белгилейт:

- мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик, муниципалдык жана жеке уюмдар, мекемелер жана ишканалар тарабынан финансылык, материалдык жана башка мамлекеттик ресурстар менен башкаруунун мамлекеттик аудитинин натыйжалуулугун жогорулатуу;
- финансылык тартип бузуунун бир дагы учурун көңүл буруусуз калтырбоо үчүн жүргүзүлүүчү аудитти уюштурууну жакшыртуу жана сапатын жогорулатуу;
- келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча өз убагында чараларды көрүү, финансылык кыянатчылыкка жол берген күнөөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартуу.

Бул максат Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкаруунун натыйжалуулугун күчөтүүгө багытталган. МФБнын натыйжалуулугу мамлекеттик органдардын финансыга байланыштуу өзүнүн ишин канчалык ачык-айкын, отчет берүүчү жана мыйзамдуу ишке ашыраарынан көз каранды. Ушуга байланыштуу, КРЭПтин ролу Президентке, Жогорку Кеңешке, Министрлер Кабинетине жана мамлекеттик органдарга төмөнкүлөрдө колдоо көрсөтүүдө турат:

- мамлекеттик органдар тарабынан аларга бөлүнгөн мамлекеттик финансыны натыйжалуу башкарууда көрүлүп жаткан иш-чараларды баалоо жана талдоо;
- кемчиликтерди четтетүү жана алдын алуу чараларын көрүү үчүн өз убагында жана актуалдуу чечимдерди, мыйзам долбоорлорун кабыл алуу.

Өз ишинде аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарын жайылтууга умтулуу менен, көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн, КРЭП иш-чаралары төмөнкүдөй милдеттерди (натыйжа) аткарууга багытталган:

**МИЛДЕТТЕР (натыйжалар):**

1.1 Натыйжалуулук аудитинин санын көбөйтүү жана алар боюнча сапаттуу отчетторду түзүү;

1.2 Шайкештик аудитте тобокелдикке негизделген ыкманы колдонуу менен сапаттуу отчетторду түзүү;

1.3 Финансылык аудитти улантуу жана сапатын жогорулатуу

| 1.1 Милдет (натыйжа): | Натыйжалуулук аудитинин санын көбөйтүү жана алар боюнча сапаттуу отчетторду түзүү |
|---|---|

2021-жылга чейин натыйжалуулук аудити пилоттук режимде жүргүзүлгөнүнө байланыштуу, натыйжалуулук аудити боюнча аудитордук иш-чаралардын көлөмү жылына 2-3 аудиттен түзүлүп келген. 2022-2026-жылдарга КРЭПтин максаты натыйжалуулук аудитинин камтылышын жогорулатуу жана аудиттин стратегиялык багыттарын тандоо болуп саналат.

Кабыл алынган 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасында жакынкы жылдардагы натыйжалуулук аудитинин эң олуттуу темалары көрсөтүлөт:

- COVID-19 пандемиясынан кийинки кризиске каршы чаралар;
- башкаруу реформасы;
- социалдык өнүктүрүү, анын ичинде саламаттык сактоо жана билим берүү;
- гидроэнергетика, айыл чарба жана туризм сыяктуу экономикалык артыкчылыктар;
- өнүктүрүү үчүн чөйрө, мисалы, инфратүзүм, жер реформасы жана башкалар.

Натыйжалуулук аудитинин сапатына келсек, колдонуудагы методологияга карабастан, практика жүзүндө АЖО НБТ баа бергенден кийин айрым кемчиликтер анык болду.

Сапатты жакшыртуу үчүн, АЖО НБТнын жыйынтыктарына ылайык, аудит боюнча команданы ылайыкташтырып түзүү жана аудитордук иш-чараларды пландаштыруу жана көзөмөлдөө тутумун бекемдөө, ошондой эле натыйжалуулук аудитинин стандарттары боюнча көбүрөөк кызматкерлерди окутуу зарыл.

**Аткарылуучу иш-чаралар:**

***1.1.1 Натыйжалуулук аудитинин аймагын, тандоосун жана максатын кеңейтүү***

Азыркы учурда натыйжалуулук аудити боюнча иш-чараларды КРЭПтин негизги ишине өткөрүү каралган. Ал үчүн аудитордук иш-чаралардын жылдык пландоодо улуттук саясаттын артыкчылыктарына ылайык аудит темаларын тандоо керек.

***1.1.2 Натыйжалуулук аудити жана сапатты башкаруу боюнча колдонмону өркүндөтүү***

КРЭП тарабынан колдонулган натыйжалуулук аудитинин стандарттары эл аралык стандарттарга шайкеш келет.

Жакынкы жылдарга натыйжалуулук аудитинин сапатын башкаруу үчүн так критерийлерге ылайык натыйжалуулук аудити боюнча командаларды тандоо жана аларды колдоо үчүн кошумча материалдарды иштеп чыгуу процесси пландаштырылууда. Сапатты контролдоонун бардык кадамдарын так жайылтуу жана аларды автоматташтыруу каралган.

#### *1.1.3 Натыйжалуулук аудитинин процессин жакшыртуу*

Натыйжалуулук аудит процесси төмөнкү негизги пункттар боюнча жакшыртууну талап кылат:

- аудитке жана актуалдуу жол-жоболорго карата мамилени жана аудиттин критерийлерин пландаштыруу;
- аналитикалык процесстерди пландаштыруу жана колдонуу;
- аудит папкаларына бардык файлдарды жана чогултулган маалыматтарды киргизүү;
- отчетто бардык процессти так көрсөтүү.

#### *1.1.4 Натыйжалуулук аудитинин жыйынтыктарын башкарууну жакшыртуу*

2022-жылдан баштап натыйжалуулук аудити тууралуу отчетторду жарыялоо каралган.

#### *1.1.5 Натыйжалуулук аудити боюнча кызматкерлерди кесиптик жактан өнүктүрүү*

Натыйжалуулук аудити боюнча кызматкерлердин кесиптик жактан өнүктүрүү КРЭП үчүн олуттуу мааниге ээ. Биринчи кадам болуп - тренер катары башка кесиптештерин андан ары окутуу үчүн, натыйжалуулук аудитинде тажрыйбалуу инспекторлорду кошумча окутуу каралган. Натыйжалуу аудит боюнча командалар билимин практика жүзүндө колдонуу үчүн, атайын окутулган, тажрыйбалуу жана инспекторлор тарабынан натыйжалуу аудиттин эл аралык стандарттары боюнча теориялык гана билими барлардын ортосунда аралаштырылат.

#### *1.1.6 Кызматкерлерге эксперттик-консультациялык кызматты колдоону уюштуруу*

Натыйжалуулук аудити боюнча адистер практикада окутуунун экинчи кадамы катары, аудит боюнча командаларга консультация берүү үчүн өзүнүн иш убактысынын бир бөлүгүн КРЭП арнайт.

| **1.2 Милдет (натыйжа):** | **Шайкештик аудитте тобокелдикке негизделген ыкманы колдонуу менен сапаттуу отчетторду түзүү** |
|---|---|

АЖО НБТ баалоону жүргүзүүдө (2019-2020-жж.) пилоттук режимде эле эл аралык стандарттар боюнча шайкештик аудити жана республикалык жана башка бюджеттердин аткарылышы боюнча аудиттер КРЭПтин өзүнүн ички методологиясына ылайык жүргүзүлгөн. Мында белгилей кетсек, 2021-жылдан баштап КРЭП аудиттин эл аралык стандарттарын активдүү колдоно баштаган. Алсак, 2021-жылы аудитордук иш-чаралардын 70 пайыздан ашыгы шайкештик аудити катары жүргүзүлгөн. Ошентип, шайкештик аудити КРЭП үчүн аудиттин артыкчылыктуу түрү болуп эсептелет.

Эл аралык стандарттарга өтүүгө байланыштуу, инспекторлор айрым практикалык кыйынчылыктарга дуушар болушу мүмкүн жана аудиттин сапатын тынымсыз жакшыртууну талап кылат.

Ушул Стратегиялык планды ишке ашыруу мезгил ичинде КРЭП шайкештик аудити боюнча методологиясын өркүндөтүүнү, кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну жана шайкештик аудитинин сапатын контролдоону күчөтүүнү пландаштырууда.

**Аткарылуучу иш-чаралар:**

***1.2.1 Шайкештик аудитинин аймагын, тандоосун, максатын бекемдөө***

2021-жылдан баштап улуттук жана регионалдык деңгээлдеги аудиттин объектилерин шайкештик аудит жүргүзүү кеңири жайылууда. Шайкештик аудит - кирешелерди чогултуу, эмгек акы жана мамлекеттик сатып алуулар сыяктуу ар кандай маанилүү процесстерге көңүл буруу менен жүргүзүлөт. Мындар ары тобокелдикке негизделген ыкманы колдонууну улантуу жана күчөтүү каралган.

***1.2.2 Шайкештик аудитин жана сапатты башкаруу стандарттарын өркүндөтүү***

КРЭП тарабынан колдонулган шайкештик аудитинин стандарттары эл аралык стандарттарга туура келет. Ушуга байланыштуу, 2021-жылдан баштап гана КРЭП шайкештик аудитин активдүү жана кеңири масштабда жүргүзө баштаган, бул өз убагында сапатты контролдоо тутумун чыңдоону жана жакшыртууну талап кылат.

Сапатты көзөмөлдөө процессин так ишке ашыруу, аудит боюнча командаларды максатка ылайык туура тандоо баскычтуу ишке ашыруу каралган.

***1.2.3 Шайкештик аудитинин процессин жакшыртуу***

Практика жүзүндө, шайкештик аудитинин көптөгөн элементтери азырынча колдонула элек. Кийинки жылдарга карата приоритеттер:

– шайкештик аудитин пландаштырууда, аудит объектинин ички контролдук чөйрөсүн эске алуу менен аудитордук тобокелдикти аныктоо;

– ар бир аудитордук иш – чара үчүн өзгөчө аудитордук жол-жоболорду аныктоо;

– аудит жүргүзүлгөн объекттин сын-пикирлерин жазуу жүзүндө бекитүү жана аудит боюнча жогорку сапаттуу жана тең салмактуу отчетторду берүү.

***1.2.4 Шайкештик аудитинин натыйжалары менен башкарууну өркүндөтүү***

Шайкештик аудитинин отчетторун жарыялоо каралган.

***1.2.5 Шайкештик аудити боюнча кызматкерлерди кесиптик жактан өнүктүрүү***

Шайкештик аудити боюнча кызматкерлерди кесиптик жактан өнүктүрүү КРЭП үчүн негизги мааниге ээ. 2021-жылдан баштап эл аралык стандарттарга толук өтүү каралган, бирок практика жүзүндө өтүүдө күтүлгөн кыйынчылыктар орун алууда.

Инспекторлордун тажрыйбаларын бекемдөө үчүн, инспекторлорго тренер катары сабак берүү максатында, эл аралык стандарттар боюнча шайкештик аудитте тажрыйбасы бар инспекторлор үчүн кошумча окуулар каралган. Билимди иш жүзүндө колдонуу үчүн шайкештик аудиттердин топтору атайын даярдалган инспекторлор менен бирге аралаштырылып түзүлөт.

***1.2.6 Кызматкерлерге эксперттик-консультациялык кызматты колдоону уюштуруу***

КРЭП шайкештик аудит боюнча адистер өз убактысынын бир бөлүгүн аудитордук топторго кеңеш берүү үчүн сарптоо каралган.

| 1.3 Милдет (натыйжа): | Финансылык аудитти улантуу жана сапатын жогорулатуу |
|---|---|

2016-2020-жылдар мезгил аралыгына карата Стратегиялык планга ылайык, пилоттук режимде буга чейин айрым финансылык аудиттер жүргүзүлгөн. 2021-жылы финансылык аудит жүргүзүлгөн эмес. Азыркы учурда Кыргызстандын мамлекеттик түзүмдөрү финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык, өзүнүн финансылык отчеттуулугун жүргүзбөйт.

Бардык мамлекеттик сектордун аудитору катары КРЭПтин ролун бекемдөө максатында, Стратегиялык планды ишке ашыруунун алкагында эл аралык практикага ылайык, жетишкендиктерди мындан ары да сактоо жана өркүндөтүү үчүн пилоттук финансылык аудитти жүргүзүүнү улантуу каралган.

**Аткарылуучу иш-чаралар:**

***1.3.1 Финансылык аудит процессин колдонууну өнүктүрүү***

КРЭПтин финансылык аудитинин толук кандуу практикасы үчүн, төмөнкүдөй кадамдар зарыл:

- финансылык аудит жүргүзүү үчүн бир нече объекттерди жыл сайын стратегиялык тандоо;
- тажрыйбалуу жана тажрыйбасы аз инспекторлордун ичинен финансылык аудит боюнча команда түзүү.

***1.3.2 Финансылык аудит боюнча кызматкерлерди кесиптик жактан өнүктүрүү***

КРЭПте аз сандагы инспекторлор финансылык аудит боюнча окуудан өткөн жана тажрыйбасы бар. Алар биринчи кезекте, пилоттук режимде финансылык аудитти улантат жана башка инспекторлорго өзүнүн тажрыйбасын жайылтат.

## 2-МАКСАТ КЫЗЫКДАР ТАРАПТАР ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫН АЧЫК-АЙКЫН, ОТЧЕТТУУ ЖАНА КЕСИПКӨЙ УЮМ КАТАРЫ КАБЫЛ АЛЫШАТ

Бул максат өлкөдөгү окуяларга жана көйгөйлөргө жооп кайтаруу, натыйжалуу жана активдүү байланышты колдонуу аркылуу мамлекеттик уюмдарда өзгөрүүлөрдү колдоо жолу менен, жарандарга, Парламентке жана башка кызыкдар тараптарга туруктуу баалуулукту көрсөтүүгө багытталган. Этикалык стандарттарды сактоо, Эсептөө палатасынын ишмердүүлүгүн ак ниет башкаруу, айкындуулук жана отчеттуулук жаатында мисал көрсөтүү менен үлгүлүү уюмдун ролун аткаруу керек.

Эсептөө палатасынын иш-чаралары төмөндөгүдөй натыйжаларга жетүүгө багытталган:

**МИЛДЕТТЕР (натыйжалар):**

2.1 Этиканы баалоону, КРЭПтин иши жөнүндө жылдык отчетторду, аудиттик отчетторду, АЖО НБТ баалоолорун жарыялоо

2.2 Жогорку Кеңеш, Президенттин Администрациясы, Министрлер Кабинети, ММК жана коомчулук менен өз ара аракеттешүүнү жогорулатуу

| **2.1 Милдет (натыйжа):** | **Этиканы баалоону, КРЭПтин иши жөнүндө жылдык отчетторду, аудиттик отчетторду, АЖО НБТ баалоолорун жарыялоо** |
|---|---|

2019 жана 2020-жылдары КРЭП АЖО НБТ өзүн-өзү баалоону жүргүзгөн, анын базасында бул стратегиялык план иштелип чыккан. Баалоо тууралуу маалыматты жарыялоо 2022-жылга карата каралган. Ошондой эле, андан ары натыйжаларды жарыялоо менен, 2025-жылы АЖО НБТ кайра баалоо жүргүзүүнү пландаштырууда.

2018-жылы КРЭП кызматкерлери IDI INTOSAI аркылуу ISSAI 130 (Этика кодекси) боюнча окутуудан өткөн. 2022-жылы адам ресурстарын башкаруу, гендердик теңчилик жана этика боюнча IDI INTOSAI "Together" программасына КРЭПтин катышуусу жана бул программа боюнча кезектеги баалоону жүргүзүү пландаштырылууда. Бул программага катышуунун жыйынтыгы боюнча отчет КРЭПтин расмий сайтында жарыяланат.

Бүгүнкү күндө КРЭП өзүнүн расмий сайтында КРЭПтин иши жөнүндө жылдык отчетторду, республикалык бюджеттин долбоорлоруна жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана Социалдык фонддун бюджеттерине карата корутундуларды, айрым аудиттин отчетторун, жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды жана пресс-релиздерди жарыялайт.

2022-жылдан тартып КРЭП Кеңешинин кабыл алынган чечимдерине ылайык, "Кызматтык пайдалануу үчүн", "Жашыруун" жана "Өтө жашыруун" деген грифтери бар отчеттордон башка аудитордук отчетторду толугу менен жарыялоону пландаштырууда.

Келечекте КРЭПтин иши жөнүндө жылдык отчеттордо КРЭПтин ушул Стратегиялык планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө кененирээк маалымат киргизилет.

**Аткарылуучу иш-чаралар:**

### *2.1.1 "Together" программасына катышуу*

Бул IDI программасы адам ресурстарына, этикага жана гендердик теңчиликке багытталган. КРЭП катышууга жана этика боюнча билимди бекемдөө боюнча окутуу үчүн бир нече кызматкерлерди катышуучулардын курамына киргизүүгө ниети бар.

### *2.1.2 Этика боюнча баалоо жүргүзүү*

Окутуу базасынын негизинде КРЭПтин этика чөйрөсүн баалоо жана сунуштар менен отчет даярдоо үчүн команда түзүлөт.

### *2.1.3 Этика боюнча баалоо натыйжалары боюнча чара колдонуу*

КРЭП өткөрүлгөн баалоонун базасында этикалык чөйрөсүн бекемдөө үчүн зарыл болгон чараларды көрүүгө ниеттенүүдө. Баалоонун жыйынтыгы боюнча отчет жарыяланат.

### *2.1.4 Жылдык пландаштырууну жана отчеттуулукту күчөтүү*

2019-2020-жылдарга карата АЖО НБТны баалоодо КРЭПтин жылдык иш пландары мурдагы Стратегиялык планда көрсөтүлгөн иш-чаралар менен жетишсиз байланышта болгондугу аныкталган. 2022-жылдан баштап Жылдык иш пландар формасы жана мазмуну боюнча ушул Стратегиялык пландан башталат.

КРЭПтин иши жөнүндө жылдык отчеттор Стратегиялык пландын иш-чараларынын аткарылышы жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Максаттары, милдеттери жана индикаторлору боюнча маалыматтардын көлөмүн кеңейтүү пландаштырылууда.

### *2.1.5 Жалпы пландаштырууну жана аудит отчетторун даярдоону өркүндөтүү*

Аудиттин эл аралык стандарттарына өтүүгө байланыштуу, төмөндөгү багыттар боюнча аудиттин жылдык пландаштыруусун жакшыртуу талап кылынат:

- шайкештик аудити менен улуттук деңгээлдеги мамлекеттик органдардын көпчүлүк бөлүгүн камтуу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында эл аралык стандарттарга ылайык аудиттерге өтүү;
- натыйжалуулук аудити үчүн актуалдуу темаларды тандоо;
- пилоттук финансылык аудиттерди улантуу.

### *2.1.6 АЖО НБТнын кайра баалоону жүргүзүүсү*

2025-жылы КРЭП эл аралык стандарттарга өтүү бөлүгүндөгү прогрессти белгилөө жана кийинки Стратегиялык планды даярдоо (2026-жылдан баштап) үчүн АЖО НБТнын кайра баа берүүсүн пландаштырууда. Кайра баалоо боюнча отчетту жарыялоо каралган.

| **2.2 Милдет (натыйжа):** | **Жогорку Кеңеш, Президенттин Администрациясы, Министрлер Кабинети, ММК жана коомчулук менен жогорулатылган өз ара аракеттешүү** |
|---|---|

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын жаңы конституциялык Мыйзамынын кабыл алынышы күтүлүүдө, ошентип, КРЭПтин статусу жаңы мыйзамдык деңгээлге көтөрүлөт, башкача айтканда анын ченемдери мыйзамдардын ченемине караганда жогорку күчкө ээ болот. Бул документтин кабыл алынышы менен аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү жигердүү уланат. Бирок, мамлекеттик органдарына дагы, ММКга дагы жана коомчулукка дагы бул стандарттар толук эмес көлөмдө белгилүү жана аудиттин ар кандай түрлөрү менен алардын функцияларынын ортосундагы айырма дайыма эле түшүнүктүү боло бербейт.

КРЭПтин натыйжалуулугун жана аудиттин коом менен өз ара аракеттешүүсүн жогорулатуу үчүн, ар кандай кызыкдар тараптар үчүн ар кандай маалыматтык иш-чаралар керек.

**Аткарылуучу иш-чаралар:**

### *2.2.1 Жогорку Кеңеш жана аткаруу бийлик органдары менен маалымат алмашууну өркүндөтүү*

КР ЖКнын профилдик комитети сыяктуу, ошондой эле, анын бардык кызыкдар фракциялары, комитеттери жана депутаттары менен да мезгилдүү жолугушууларды, тегерек столдорду жана бет ачар тааныштырууларын уюштуруу, ушундай эле иш-чараларды аткаруу бийлигинин өкүлдөрү менен да уюштуруу пландаштырылууда.

### *2.2.2 ММК, жарандар жана жарандык коомдун уюмдары менен байланышты чыңдоо*

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы ачыктык жана айкындык саясатын жигердүү ишке ашырат жана жарандар, ММК жана жарандык сектор үчүн аудиттин жыйынтыктары тууралуу отчеттордун жеткиликтүүлүгү жагынан “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Мыйзамында белгиленген бардык ченемдерди аткарат. Аудитордук иш-чаралардын жыйынтыгы тууралуу пресс-релиздер массалык маалымат каражаттарында кеңири чагылдырылат.

Массалык маалымдоо каражаттары менен байланыш КРЭП жетекчилиги тарабынан бекитилген тиешелүү жылдарга карата КРЭПтин Медиа-планына ылайык ишке ашырылат. Коомчулук менен байланыш КРЭПтин расмий сайты, социалдык тармагы жана башка мүмкүн болгон каналдары аркылуу ишке ашырылат. КРЭПте коомдук кабылдама жана ишеним телефону иштейт. Ошондой эле, ММКнын журналисттеринин суроо-талабы боюнча КРЭП аудиттин объектилерине тиешелүү актуалдуу темаларга комментарийлерди жана интервьюларды да берет.

## ТОБОКЕЛДИКТЕР

КРЭПтин ушул Стратегиялык планы аудитордук ишке да, ички процесстерге да тиешелүү кийинки жылдарга олуттуу өзгөртүүлөрдү сунуштайт жана пландаштырат. Бир эле учурда, КРЭП өз ишинин түздөн-түз натыйжаларын жакшыртууга гана эмес, мамлекеттик финансыны башкаруу тутумуна иштин таасирин жогорулатууга да умтулат. Мындай амбициялуу стратегиялык планга жетүүдө ар кандай тобокелдиктер да орун алат. КРЭП өз ишине таасир этүүчү бардык факторлорго көзөмөл жүргүзө албайт, бирок тобокелдиктерге үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүгө жана тобокелдиктерди азайтуу боюнча чараларды көрүүгө аракет кылат.

КРЭПтин ишинин эң маанилүү түрү менен байланышкан тобокелдиктер 1-таблицада көрсөтүлгөн. Алар ишке карата түздөн-түз жоопкерчилик алган кызматкерлер тарабынан кварталдык негизде жана аппарат жетекчиси тарабынан квартал сайын көзөмөлдөнөт. Аларды жеңилдетүү стратегиясы натыйжалуу эмес болгон учурларда, жооптуу бөлүм стратегияга тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизет.

Стратегиялык планды ишке ашыруудагы тобокелдиктер стратегиялык пландын айрым жыйынтыктары жана натыйжалары менен байланышкан.

**Таблица 1: Тобокелдиктер**

| Максаттар жана милдеттер | Тобокелдиктер | Таасир 1 ден 3кө чейинки шкалада | Ыктымалдуулук 1 ден 3кө чейинки шкалада | Жеңилдетүү чаралары |
|---|---|---|---|---|
| **1-максат: Мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу, ачык – айкын жана отчеттуу башкаруу** | **Саясий тобокелдик:** Аудиттин жаңы түрлөрүнүн кызыкдар тараптар үчүн түшүнүксүз болуп калуу коркунучу, демек аудиттин жаңы түрлөрү күтүлгөн таасирге ээ болбой калуу коркунучу – сунуштар кабыл алынбашы же аткарылбай калышы мүмкүн | 2 | 2 | Кызыкдар тараптар үчүн маалымат сессияларын өткөрүү (текшерүү объектилери, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрү, Президенттин Администрациясы, КР ЖК ж.б.) |
| **Милдет (натыйжа)** | | | | |
| **1.1** Натыйжалуулук аудитинин санын көбөйтүү жана алар боюнча сапаттуу отчетторду түзүү | **Адам тобокелдиги:** Кызматкерлердин өзгөрүүгө даяр эмес болуу жана/ же муктаждыктарын түшүнбөстүк коркунучу | 3 | 1 | Талдоо жүргүзүү, тиешелүү темаларды тандоо, деталдуу окуу планын түзүү жана тренингдерди өткөрүү. Кызматкерлер үчүн үзгүлтүксүз консультацияларды уюштуруу |
| **1.2** Шайкештик аудитте тобокелдикке негизделген ыкманы колдонуу менен сапаттуу отчетторду түзүү | **Адам тобокелдиги:** Кызматкерлердин өзгөрүүгө даяр эмес болуу жана/ же муктаждыктарын түшүнбөстүк коркунучу | 2 | 1 | Кызматкерлерди окутуу жана консультация берүү. Тажрыйбалуу жана жаңы келгендерден аралаш командаларды түзүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **1.3** Финансылык аудитти улантуу жана сапатын жогорулатуу | **Укуктук тобокелдик:** Эл аралык стандарттарга ылайык финансылык отчеттуулук системасы аудит объектилери үчүн милдеттүү эмес, бул толук кандуу аудит жүргүзүүнү жана камтууну жогорулатууну кыйындатат | 2 | 3 | Министрлер Кабинети менен өз ара аракеттешүү |
| **2-максат: Кызыкдар тараптар Эсептөө палатасын ачык-айкын, отчеттуу жана кесипкөй уюм катары кабыл алышат** | **Репутация тобокелдиги:** КРЭПнын кемчиликтери жана этикалык маселелери жөнүндө коомчулукка жарыялоо кызыкдар тараптардын КРЭП жөнүндө түшүнүгүн төмөндөтүү тобокелдиги | 2 | 1 | Маалыматты жогорку сапатта берүү |
| **Милдет (натыйжа)** | | | | |
| **2.1** Этиканы баалоону, КРЭПтин иши жөнүндө жылдык отчетторду, аудиттик отчетторду, АЖО НБТ баалоолорун жарыялоо | **Репутация тобокелдиги:** КРЭПнын кемчиликтери жана этикалык маселелери жөнүндө коомчулукка жарыялоо кызыкдар тараптардын КРЭП жөнүндө түшүнүгүн төмөндөтүү тобокелдиги | 2 | 1 | Маалыматты жогорку сапатта берүү |
| **2.2** Жогорку Кеңеш, Президенттин Администрациясы, Министрлер Кабинети, ММК жана коомчулук менен өз ара аракеттешүүнү жогорулатуу | **Саясий тобокелдик:** Аудиттин жаңы түрлөрүнүн кызыкдар тараптар үчүн түшүнүксүз болуп калуу коркунучу, демек аудиттин жаңы түрлөрү күтүлгөн таасирге ээ болбой калуу коркунучу – сунуштар кабыл алынбашы же аткарылбай калышы мүмкүн | 2 | 2 | Маалыматты жогорку сапатта берүү |

## МОНИТОРИНГ ЖАНА ОТЧЕТТУУЛУК

КРЭП коюлган максаттарга ийгиликтүү жетип жатканын аныктоо үчүн бир нече көрсөткүчтөр колдонулган. Бул көрсөткүчтөр КРЭП үчүн жаңы болуп эсептелет. Алар бул пландын биринчи жылынын аткарылышын чагылдырып, кийинки жылдардагы иш-аракеттерге баа бере турган негиз болуп саналат.

Милдеттерди ишке ашыруу мониторинги үчүн, башка көрсөткүчтөр менен бирге АЖО НБТга ылайык упайлар колдонулат (*АЖО-10 "Финансылык аудит процесси", АЖО-13 "Натыйжалуулук аудит процесси", АЖО-16 "Шайкештик аудит процесси", АЖО-11 "Финансылык аудит жыйынтыктары", АЖО-14 "Натыйжалуулук аудитинин жыйынтыктары", АЖО-17 "Шайкештик аудитинин жыйынтыктары"*). КРЭП АЖО НБТ боюнча өзүнүн көрсөткүчтөрүнө аралыктан талдоо жүргүзүү үчүн, Жогорку аудит органдарынын эл аралык уюмунун өнүктүрүү демилгеси (IDI INTOSAI) менен кызматташууну пландаштырууда.

**Таблица 2: Мониторинг жана отчеттуулук**

| | Индикатор | Өлчөө мезгили | Маалымат булагы | База | Кадам | | | | Максат |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | 2026 |
| **1-максат: Мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу, ачык – айкын жана отчеттуу башкаруу** | Бюджеттин ачыктык индекси – бюджеттин ачыктыгы | 2023, 2025 | Open Budget Survey | 2019: 63/100 | - | 63 | - | 71 | - |
| | Дүйнөлүк Банктын Глобалдык Башкаруу Индикатору – Өкмөттүн натыйжалуулугу | Жыл сайын | Дүйнөлүк Банк | 2020: -0.65 (-2.5 до +2.5) | -0.6 | -0.5 | -0.4 | -0.3 | -0,2 |
| | Дүйнөлүк Банктын Глобалдык Башкаруу Индикатору – Коррупцияны көзөмөлдөө | Жыл сайын | Дүйнөлүк Банк | 2020: -1.11 (-2.5 до +2.5) | -1.0 | -0.9 | -0.8 | -0.75 | -0.7 |
| | Аткарылган рекомендациялардын (жазма буйруктардын) %, алар бекитилгенден кийин бир жылдан кийин | Жыл сайын | КРЭП маалымат системасы | 2021: 50% | 60% | 65% | 70% | 75% | 80% |
| **2-максат: Кызыкдар тараптар Эсептөө палатасын ачык-айкын, отчеттуу жана кесипкөй уюм катары кабыл алышат** | КРЭП жетиштүү ачык-айкын жана кесипкөй деп эсептеген сурамжыланган кызыкдар тараптардын бир бөлүгү | 2022, 2026 | Сурамжылоо | Биринчи сурамжылоодон кийин бекитилет | | | | | |
| | ММКда КРЭП жөнүндө макалалардын саны | 2022, 2026 | ММК | Биринчи сурамжылоодон кийин бекитилет | | | | | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.1 Милдет (натыйжа):** Натыйжалуулук аудитинин санын көбөйтүү жана алар боюнча сапаттуу отчетторду түзүү | Төмөнкү 10 тема боюнча жылына НАнин отчеттору-нун саны: коргоо, билим берүү, экология, саламаттыкты сактоо, инфраструктура, экономикалык өнүгүү, кирешелерди чогултуу, мамлекеттик сектордун реформалары, мамлекеттик финансы жана башкаруу, бакубатчылык жана эмгек рыногу | Жыл сайын | Аудиттердин саны | 2021: 2% | 6% | 7% | 8% | 9% | 10% |
| | АЖО-13 боюнча аудиттин сапаты *(НАнин процесси )* | 2023, 2026 | АЖО НБТ жана башка өзүнчө талдоо | 2020: ¼ | | 2/4 | | | 3/4 |
| **1.2 Милдет (натыйжа):** Шайкештик аудитте тобокелдикке негизделген ыкманы колдонуу менен сапаттуу отчетторду түзүү | Бир жыл ичинде ISSAIге ылайык ША өткөрүлгөн бардык мамлекеттик органдардын % | Жыл сайын | Аудиттердин тизмеси | 2021: 60% | 90% | 88% | 86% | 84% | 82% |
| | АЖО-16 боюнча аудиттин сапаты *(ШАнин процесси)* | 2023, 2026 | АЖО НБТ жана башка өзүнчө талдоо | 2020: 2 | | 3 | | | 3 |
| **1.3 Милдет (натыйжа):** Финансылык аудитти улантуу жана сапатын жогорулатуу | Бир жыл ичинде ISSAIге ылайык ФА өткөрүлгөн бардык мамлекеттик органдардын % | Жыл сайын | Аудиттердин тизмеси | 2021: 0 | 2% | 3% | 4% | 5% | 5% |
| | АЖО-10 боюнча аудиттин сапаты *(ФАнин процесси )* | 2023, 2026 | АЖО НБТ жана башка өзүнчө талдоо | 2020: 2 | | 3 | | | 3 |
| **2.1 Милдет (натыйжа):** Этиканы баалоону, КРЭПтин иши жөнүндө жылдык отчетторду, аудиттик отчетторду, АЖО НБТ баалоолорун жарыялоо | АЖО НБТ жана ISSAI 130 баалоолор боюнча маалыматты жарыялоо | 2022, 2024, 2027 | КРЭП интернет-ресурсу | 2020: Жок | | СОЭ ВОА<br><br>ИС-САИ 130 | Жок | Жок | СОЭ ВОА |
| | Жылдык отчетторду жарыялоо а) стратегиялык планды ишке ашыруунун жыйынтыктары жөнүндө жана б) ISSAI 130 баалоосунун негизинде көрүлгөн чаралар жөнүндө | 2023, 2024, 2025, 2026 | Интернет-ресурс | 2020: Жок | Жок | А) и Б) | А) | А) | А) |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аудиттин жыйынтыктарын берүүнүн жана жарыялоонун мөөнөттөрү *(АЖО-11, 14, 17) (НА, ША жана ФА жыйынтыктары)* | Жыл сайын | АЖО НБТ жана башка өзүнчө талдоо | 2020: 2,1,2 | 2,2,2 | 3,3,3 | 3,3,3 | 4,4,4 | 4,4,4 |
| **2.2 Милдет (натыйжа):** Жогорку Кеңеш, Президенттин Администрациясы, Министрлер Кабинети, ММК жана коомчулук менен өз ара аракеттешүүнү жогорулатуу | КРЭПнын иши жана ролу боюнча ЖК үчүн өткөрүлгөн маалыматтык иш-чаралардын саны: Стратегиялык план, аудиттин түрлөрү | Жыл сайын | Жолугушуулардын протоколдору | 2020: 0 | 4 | 1 | 1 | 1 | 2 |
| | Жылдык пландаштыруудан мурун ЖК менен аудит темалары боюнча жыл сайын талкуу өткөрүү | Жыл сайын | Жолугушуулардын протоколдору | 2020: Нет | Ооба | Ооба | Ооба | Ооба | Ооба |
| | Аудиттин үч түрү боюнча аудитордук отчеттордун саны, кыска форматта кошумча бекитилген | Жыл сайын | КРЭП интернет-ресурсу | 2021: 63% | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |
| | КРЭПнын өкүлдөрү менен пресс-конференциялардын жана интервьюлардын саны | Жыл сайын | Жолугушуулардын протоколдору | 2020: 3 | 4 | 6 | 8 | 10 | 12 |

**Кызматкерлердин саны жана алардын позициялары**

КРЭПте 206 адам иштейт, алардын ичинен:

- Борбордук аппаратта -125;
- Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүштө - 33;
- Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүштө - 33;
- Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүнүштө -15.

Ошондой эле 80 бирдик ТТП жана КТП иштейт.

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| АЖО | Аудиттин жогорку органы |
| АЖО НБТ | Аудиттин жогорку органдарынын натыйжалуулугун баалоо тутуму |
| КРЭП | Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы |
| КР ЖК | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши |
| МИНКАБ | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети |
| ММК | Массалык маалымат каражаттары |
| ASOSAI | Аудиттин жогорку органдарынын азиялык уюму (Asian Organization of Supreme Audit Institutions) |
| INTOSAI | Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюму (International Organization of Supreme Audit Institutions) |
| IDI | INTOSAI өнүктүрүү демилгеси (INTOSAI Development Iniative) |
| ISSAI | Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттары (International Standards of Supreme Audit Institutions) |
| ISA | Аудиттин эл аралык стандарттары (International Standards of Audit) |
| ША | Шайкештик аудити |
| ФА | Финансылык аудити |
| НА | Натыйжалуулук аудити |
| КСФОЭС | Коомдук сектор үчүн финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары |
| АДТФ | Ар тараптуу донордук тресттык фонд |
| МФБ | Мамлекеттик финансыны башкаруу |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ
720033, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш.
Исанов көчөсү, 131

СЧЕТНАЯ ПАЛАТА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
720033, Кыргызская Республика,
г. Бишкек
ул. Исанова 131

Бул Стратегиялык план IDI INTOSAI колдоосу менен иштелип жана басылып чыкты

Данный Стратегический план был разработан и напечатан при поддержке IDI INTOSAI